# Бир киши даарат алып бутун жууганда тырмак ордундай жерине суу тийбей калды эле аны көрүп калган пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Кайра кайт да, дааратыңды жакшылап ал" - деди. Тиги кайра даарат алып, анан намаз окуду

Жаабир (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Мага Умар бин Хаттаб минтип айтты: Бир киши даарат алып бутун жууганда тырмак ордундай жерине суу тийбей калды эле аны көрүп калган пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Кайра кайт да, дааратыңды жакшылап ал" - деди. Тиги кайра даарат алып, анан намаз окуду.
[Сахих бишаваахидихи (башка ишенимдүү айтымдары бар хадис)] [Муслим жазып калтырган]

Умар (ага Аллах ыраазы болсун) пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир адам даарат алып бүткөндө, бутунун тырмактай жерине суу тийбей калганын көрүп, анын суу тийбеген жерин көрсөтүп: барып жакшылап даарат ал, толук кыл, ар бир мүчөңө суу жеткир деп айтат. Тиги киши барып дааратын толук алып келет да, анан намазын окуйт.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee